# آداب السفر وأحكامه )للجمعية(

# Сапардын адеби жана өкүмдөру

# Сапардын адеби жана өкүмдөрү

Ааламдардын Раббисине алкыш-мактоолор айтылсын. Пайгамбарыбыз Мухаммадга жана сахабаларына Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун.

Андан кийинки сөзүбүз:

Бул кыска кайрылуу сапардын адеби жана өкүмдөрү жөнүндө. Мында жолоочуга зарыл болгон маселелерге токтолгонго аракет кылдык.

Кылган ишибиз калыс Аллах үчүн болуусун жана жалпы мусулмандарга пайдалуу болуусун Аллахтан суранабыз.

Дүйнө тилдеринде Исламды жайылтуу ассоциациясынын илимий комитети

## Биринчи: Сапардын дептери

Ажылыкка же башка бир ибадат үчүн сапарга жөнөгөн адам төмөнкүлөргө көңүл буруусу керек:

Сапарга чыга турган убагы, мине турган улоосу, бирге чыга турган сапарлашы жана

эгер ар тараптуу жол болсо, кайсы жол менен барары тууралуу Аллахтан жакшысын суроо керек. Ошондой эле тажрыйбалуу, көзү бышкан адамдардан кеңеш алганы оң. Ажылык менен умра түшүнүктүү, буларда жалаң жакшылык бар. Истихара дегенибиз, эки рекет намаз окуп, анан пайгамбарыбыздын сүннөтүндө айтылгандай дуба кылат.

Ажыга же умрага жөнөгөн адам бул ибадаттарын калыс Аллах үчүн аткарууну, Ага жакындоону максат кылышы керек. Дүйнөлүк кызыкчылыкты, мактанууну, атак-даңк алууну же элге көрүнүү, угулууну максат кылуудан этият болуу зарыл. Анткени, бул амалдын жараксыз болушуна, кабыл болбой калышына себеп болот. Алла Таала минтип айткан:

﴿قُلۡ إِنَّمَآ أَنَا۠ بَشَرٞ مِّثۡلُكُمۡ يُوحَىٰٓ إِلَيَّ أَنَّمَآ إِلَٰهُكُمۡ إِلَٰهٞ وَٰحِدٞۖ فَمَن كَانَ يَرۡجُواْ لِقَآءَ رَبِّهِۦ فَلۡيَعۡمَلۡ عَمَلٗا صَٰلِحٗا وَلَا يُشۡرِكۡ بِعِبَادَةِ رَبِّهِۦٓ أَحَدَۢا﴾

Айткын: «Мен силер сыяктуу эле кишимин. (Болгон айырмачылыгыбыз) мага (Раббимден мындай деген) вахий

жиберилет: «Силердин кудайыңар – Жалгыз Кудай. Ким Раббисине (бактылуу абалда) жолугууну кааласа, (Аллахтын шариятына ылайык) жакшы амал кылып, Раббисине ибадат кылганда (Ага) эч кандай шерик кошпосун!» (Кахф, 110-аят). Кудуси хадисте минтип айтылат:

«أَنَا أَغْنَى الشُّرَكَاءِ عَنِ الشِّرْكِ، مَنْ عَمِلَ عَمَلًا أَشْرَكَ فِيهِ مَعِي غَيْرِي تَرَكْتُهُ وَشِرْكَهُ» [1].

"Мен ширк келтирген шериктерге муктаж эмесмин. Кимде-ким амалында Мага башканы шерик кошуп аткарса, анда Мен аны ошол ширкине таштаймын" (1).[1]

Ажы жана умра амалына жөнөгөн адам бул ибадаттардын өкүмдөрүн мыкты билүүсү керек. Ошондой эле сапарга чыгуудан мурда сапардын өкүмдөрүн билип алганы оң, кайсы бир ваажыбды таштап, арам ишти жасап албоосу үчүн. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

[1] Имам Муслим, 2985.

«مَنْ يُرِدِ اللهُ بِهِ خَيْرًا يُفَقِّهْهُ فِي الدِّينِ» [2].

"Аллах кимге жакшылык каалаcard, аны динде илимдүү кылат" (2).[1]

4. Ажы жана умрага жөнөгөн адам бул ибадаттарына жалаң адал акчаны пайдаланышы керек. Алла Таала таза, тазаларды гана кабыл кылат. Акчанын арамдыгы дубанын кабыл болбой калуусуна себеп болот.

5. Мындан сырткары бардык чоң жана кичине күнөөлөрүнө тообо кылуусу зарыл. Эгер адамдарга материалдык же моралдык жактан зулум кылган болсо, аны ээсине кайтарып, акысын адалдап алышы керек.

6. Сапарга чыга турган адам аласа, бересел

ерин жазып жана осуят кылып кеткени мустахаб. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«مَا حَقُّ امْرِئٍ مُسْلِمٍ لَهُ شَيْءٌ يُوصِي فِيهِ يَبِيتُ لَيْلَتَيْنِ إِلَّا وَوَصِيَّتُهُ مَكْتُوبَةٌ عِنْدَهُ» [3]

[1] Имам Бухари, 2738; Имам Муслим, 1627.

"Мойнунда бирөөнүн акысы бар мусулман адам аны осуят кылууну кааласа, эки күн өткөрбөй осуятын жазып койсун" (3).[1] Анан ага бирөөлөрдү күбө кылат. Карыздары болсо кайтарат. Бирөөлөрдөн алган буюм-теримдери болсо, кайтарып берет же туруп турсун деп уруксатын алат.

Сапарга чыккан адам жакшы жолдош тандоого аракет кылганы мустахаб. Сапарлашы шарият илимин талап кылган адам болгону жакшы. Анткени шарият илимин билгени анын ийгилигине, ажы, умра сапарында ката ишти кылып албоосуна себеп болот. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«الرَّجُلُ عَلَى دِينِ خَلِيلِهِ، فَلْيَنْظُرْ أَحَدُكُمْ مَنْ يُخَالِلُ» [4]؛

"Адам досунун392 дининде болот. Ошондуктан ар кимиң ким менен достошуп жатканына карасын" (4).[2] Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дагы минткен:

---

[1] Абу Дауд, 4833.
[2] Абу Дауд, 4832; Тирмизи, 2395.

«لَا تُصَاحِبْ إِلَّا مُؤْمِنًا، وَلَا يَأْكُلْ طَعَامَكَ إِلَّا تَقِيٌّ» [5].

"Ыймандуу адам менен гана жолдош бол. Тамагыңды такыба адам гана жесин" (5).[1]

8. Сапарга жөнөгөн адам үй-бүлөсү, жакындары, кошуналары жана жоро-жолдоштору менен коштошуусу мустахаб. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«مَنْ أَرَادَ أَنْ يُسَافِرَ فَلْيَقُلْ لِمَنْ يُخَلِّفُ: أَسْتَوْدِعُكُمُ اللَّهَ الَّذِي لَا يُضِيعُ وَدَائِعَهُ» [6]،

"Ким сапарга чыкмакчы болсо, үйүндө калгандарга: "Аманат тапшылыргандарды сактоочу Аллахка силерди тапшырам" - деп айтсын" (6).[2] Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабаларынан бирөө-жарым сапарга жөнөсө, аларга минтип айтчу:

«أَسْتَوْدِعُ اللَّهَ دِينَكَ وَأَمَانَتَكَ وَخَوَاتِيمَ عَمَلِكَ»[7]،

"Сенин дининди, аманатыңды жана иштериңдин натыйжасын Аллах сактоосун суранам" (7).[3] Сапарга чыгып жаткандар

---

[1] Табарани, 823.
[2] Имам Ахмад, Муснад, 4524.
[3] Тирмизи, 3444.

пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) осуят айтуусун суранганда аларга минтип айтчу:
«زَوَّدَكَ اللَّهُ التَّقْوَى، وَغَفَرَ ذَنْبَكَ، وَيَسَّرَ لَكَ الخَيْرَ حَيْثُ مَا كُنْتَ» [8]

"Аллах Таала сени такыбалык менен азыктандырсын. Күнөөлөрүңдү кечирсин, кайда болбогун сени жакшылыкка бөлөсүн" (8).[1] Сапарга жөнөй турган бир адам пайгамбарыбызга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) келип: "Мага осуят айтыңызчы" - деп сураганда ал:
«أُوصِيكَ بِتَقْوَى اللهِ، وَالتَّكْبِيرِ عَلَى كُلِّ شَرَفٍ» فَلَمَّا مَضَى قَالَ: « اللَّهُمَّ ازْوِ لَهُ الْأَرْضَ، وَهَوِّنْ عَلَيْهِ السَّفَرَ» [9].

"Аллахка такыба болууңду жана өргө чыккан сайын такбир айтууңду осуят кылам" - деди. Тиги киши кеткенден кийин: "Аллахым, анын жолун кыска, сапарын жеңил кыл" - деп дуба кылды (9).[2]

9. Сапарга чыкканда улоосуна коңгуроо байлап, сыбызгы алып, ит ээрчитип чыкпашы керек. Абу Хурайра (ага Аллах

---

[1] Имам Ахмад, Муснад, 9724.
[2] Имам Муслим, 2113.

ыраазы болсун) айткан хадисте пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«لَا تَصْحَبُ الْمَلَائِكَةُ رُفْقَةً فِيهَا كَلْبٌ وَلَا جَرَسٌ» [10].

"Периштелер ит жана коңгуроо бар кербенге (жолоочуларга) жолдош болбойт" (10).[1]

10. Эгер көп аялдуу эркек сапарга аялдарынын бирин алып чыгууну кааласа, ортого чүчүкулак таштаганы оң. Чүчүкулак кимге чыкса ошол аялын алып чыгат. Айша энебиз (ага Аллах ыраазы болсун) айткан:

«كَانَ رَسُولُ اللهِ صلى الله عليه وسلم: إِذَا أَرَادَ سَفَرًا أَقْرَعَ بَيْنَ نِسَائِهِ، فَأَيَّتُهُنَّ خَرَجَ سَهْمُهَا خَرَجَ بِهَا مَعَهُ» [11].

"Аллахтын элчиси сапарга чыгаарда аялдарына чүчукулак кылып жебе карматчу, жебе кимге чыкса ошол аялын алып чыкчу" (11).[2]

11. Эгер мүмкүн болсо сапарга бейшемби күнү таң эрте чыкканы жакшы. Анткени, пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы

[1] Имам Бухари, 2593; Имам Муслим, 2770.
[2] Имам Бухари, 2949.

жана мактоосу болсун) көбүнчө ушундай кылчу. Кааб бин Малик (ага Аллах ыраазы болсун) айткан:

«لَقَلَّمَا كَانَ رَسُولُ اللهِ صلى الله عليه وسلم يَخْرُجُ إِذَا خَرَجَ فِي سَفَرٍ إِلَّا يَوْمَ الْخَمِيسِ» [12].

"Көп учурда Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сапарга бейшемби күнү таң эрте аттанчу" (12).[1]

12. Сапарга же башка жакка чыкканда үйдөн чыгуу дубасын айтуу мустахаб. Чыгып баратып минтип айтуу керек:

«بِسْمِ اللَّهِ، تَوَكَّلْتُ عَلَى اللَّهِ، وَلا حَوْلَ وَلا قُوَّةَ إِلَّا بِاللَّهِ، اللَّهمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ أَنْ أَضِلَّ أَوْ أُضَلَّ، أَوْ أَزِلَّ أَوْ أُزَلَّ، أَوْ أَظْلِمَ أَوْ أُظْلَمَ، أَوْ أَجْهَلَ أَوْ يُجْهَلَ عَلَيَّ» [13].

"Бисмиллах, таваккалту аълаллаахи, ва лаа хавла ва лаа куввата илла биллах. Аллахумма иннии аузу бика ан адилла ав удилла, ав азилла ав узилла, ав ажхала ав южхала алайййа" (13).[2]

---

[1] Абу Дауд, 5094.

[2] ваъсааи сафар: сапардын оорлугунан. Ал-ифсах аън маъаани ас-Сихах (4\284).

13. Улоосуна, машинасына же самолетко отурганда сапар дубасын айтуу керек. Ал мындай айтылат:

«اللَّهُ أَكْبَرُ، اللَّهُ أَكْبَرُ، اللَّهُ أَكْبَرُ ثُمَّ يَقُولُ: {سُبْحَانَ الَّذِي سَخَّرَ لَنَا هَذَا وَمَا كُنَّا لَهُ مُقْرِنِينَ وَإِنَّا إِلَى رَبِّنَا لَمُنْقَلِبُونَ} [الزخرف: 14] اللَّهُمَّ إِنَّا نَسْأَلُكَ فِي سَفَرِنَا هَذَا الْبِرَّ وَالتَّقْوَى، وَمِنَ الْعَمَلِ مَا تَرْضَى، اللَّهُمَّ هَوِّنْ عَلَيْنَا السَّفَرَ، وَاطْوِ عَنَّا بُعْدَهُ، اللَّهُمَّ أَنْتَ الصَّاحِبُ فِي السَّفَرِ، وَالْخَلِيفَةُ فِي الْأَهْلِ، اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ مِنْ وَعْثَاءِ [14] السَّفَرِ، وَكَآبَةِ المنظر[15]، وسوء الْمُنْقَلَبِ[16] فِي الْمَالِ وَالْأَهْلِ..» [17].

"Аллаху Акбар, Аллаху Акбар, Аллаху Акбар деп, анан: "Субхааналлази саххаро ланаа хааза ва маа куннаа лаху мукринийна ва иннаа илаа роббинаа ламуңколибуун" (Зухруф, 14-аят). Андан кийин: "Аллахумма иннаа асалука фии сафаринаа хаазал бирро ваттаква, ва мин амали маа тарзоо. Аллахумма хаввин алайнаа сафаро, ватви аннаа буъдаху. Аллахумма антассоохибу фис сафари, валхолифату фил ахли. Аллахумма, инни аузу бика мин ваъсааи (14) ас сафари, ва каабатил манзор (15) ва сууьул мунколаби (16) фил маали вал ахли..." (17). Мааниси: "Аллах Улук, Аллах Улук, Аллах улук" анан: “Бизге муну

моюн сундурган Алла (кемчиликтен) Аруу. Буга биздин күч-кубатыбыз жетмек эмес. Чынында, Раббибизге кайтып барабыз” (Зухруф, 14-аят). Анан: "Аллахым, бул сапарымда сенден жакшылыкты жана такыбалыкты суранам. Өзүң ыраазы боло турган амалды суранам. Аллахым бизге сапарды жеңил, жолубузду кыска кыл. Аллахым Сен сапарда жолдош, үйдө калгандарга коргоочусуң.[1234]

14. Сапарга шериги жок жалгыз чыкпоо мустахаб. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айткан:

«لَوْ يَعْلَمُ النَّاسُ مَا فِي الْوَحْدَةِ مَا أَعْلَمُ مَا سَارَ رَاكِبٌ بِلَيْلٍ وَحْدَهُ» .[18]

---

[1] Имам Бухари, 2998.

[2] Имам Ахмад, Муснад, 6374.

[3] сууъул мунколаб: жаман абалда кайтуу, Ал-ифсах аън маъаани ас-Сихах (4\284).

[4] каабатил манзар: кайгыга алдыруудан улам жаман абалда болуу. Ал-ифсах аън маъаани ас-Сихах (4\284).

"Эгер адамдар жалгыз жүрүүнүн кандай жаман экенин билишкенде, жолоочу түндө жалгыз жүрмөк эмес" (18).[1]

15. Жолоочулар арасынан бирөөнү башчы кылып дайындап алуусу керек. Алардын башы биригип, бүтүмгө бат келип, максаттарына батырак жетүү үчүн. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айткан:

«إِذَا خَرَجَ ثَلَاثَةٌ فِي سَفَرٍ فَلْيُؤَمِّرُوا أَحَدَهُمْ» [19].

"Эгер үч адам сапарга чогуу чыкса, арасынан бирин башчы кылып алышсын" (19).[2]

16. Сапардагы адам Аллахтын буйруктарын так аткарууга, тыюу салган иштеринен алыс болууга умтулуусу керек. Адеп-ахлагын ондоп, жардамга муктаж бирөө болсо, жардам берип, сурагандарга билгенин айтып, берешен болуп, өзү жана башка бир туугандарынын

[1] Абу Дауд, 2608.
[2] Ахмад, Муснад, 17736.

муктаждыктарына байлыгын сарпташы керек.

17. Акчалай каражатты жана сапар муктаждыктарын көбүрөөк алышы керек. Анткени абал өзгөрүп, муктаждык пайда болуп калуусу мүмкүн.

18. Мына ушунун баарында жылуу жүз, таза ниет менен жана жолдошторуна жагымдуу маанай тартуулап, кубанычтуу жана кубантуучу болушу керек.

19. Сапарлаштарынын оройлугуна жана каршы пикирлерине сабырдуу болуп, аларга жакшы мамиле жасашы керек. Ошондо алардын жүрөгүнөн орун табып, кадыр-барктуу болот.

20. Жолоочулар жолдо тыныгуу үчүн токтогондо бири-биринен алыстап, чачырап кетпеши керек. Сахабалардын кээ бири жолдо токтогондо кокту-колотторго чачырап кеткенин көргөн пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«إِنَّ تَفَرُّقَكُمْ فِي الشِّعَابِ وَالْأَوْدِيَةِ إِنَّمَا ذَلِكُمْ مِنَ الشَّيْطَانِ» [20]،

"Мобу өрөөн, коктуларга тарап кетүүңөр - шайтандан" (20)[1] Ошондон кийин алдыларына бир кийим салса, ошого батчудай болуп бири-биринен алыстабай калышкан.

21. Сапарда болобу, же башка учурда болобу кайсы бир жерге түшкөндө пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтылган дубаны айтуу мустахаб.

«أَعُوذُ بِكَلِمَاتِ اللَّهِ التَّامَّاتِ مِنْ شَرِّ مَا خَلَقَ» [21]؛

"Аллахтын толук, кемчиликсиз сөздөрү менен Өзү жараткан нерселердин жамандыгынан коргономун" (21).[2] Ушинтип айткан адам ал жерден туруп кеткенге чейин эч нерсе зыянын тийгизбейт.

22. Сапардагы адам өргө чыкканда такбир, ылдый түшкөндө тасбих айтуусу мустахаб. Жаабир (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: "Сапарда жол жүрүп бара

---

[1] Имам Муслим, 2708.
[2] Имам Бухари, 2994.

жатканыбызда өргө чыкканда такбир, ылдыйга түшкөндө тасбих айтчубуз" (22).[1] Такбир айтканда үндү көтөрбөй акырын айтылат. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«يَا أَيُّهَا النَّاسُ ارْبَعُوا عَلَى أَنْفُسِكُمْ فَإِنَّكُمْ لَا تَدْعُونَ أَصَمَّ وَلَا غَائِبًا إِنَّهُ مَعَكُمْ إِنَّهُ سَمِيعٌ قَرِيبٌ» [23].

"О адамдар, өзүңөрдү тынч кармагыла, силер керең же кайыпка кайрылып жаткан жоксуңар. Ал (Аллах) силер менен бирге, Ал Угуучу, жакын" (23).[2]

23. Түндө жол жүрүү, айрыкча түндүн алгачкы бөлүгүндө жүрүү мустахаб. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айткан:

««عَلَيْكُمْ بِالدُّلْجَةِ؛ فَإِنَّ الْأَرْضَ تُطْوَى بِاللَّيْلِ» [24].

"Түндө жол жүргүлө, анткени түндө жер кыска болот (жол арбыйт)" (24).[3]

---

[1] Имам Бухари, 2993.
[2] Абу Дауд, 2571.
[3] Ахмад, Муснад, 10771.

24. Сапарда жүргөн адам көп дуба кылышы керек. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айткан:

«ثَلَاثُ دَعَوَاتٍ مُسْتَجَابَاتٌ لَا شَكَّ فِيهِنَّ: دَعْوَةُ الْمَظْلُومِ، وَدَعْوَةُ الْمُسَافِرِ، وَدَعْوَةُ الْوَالِدِ عَلَى وَلَدِهِ» [25].

"Үч түрдүү адамдын дубасы шексиз кабыл болот: зулум тарткан адамдын дубасы, жолоочунун дубасы, атанын баласына кылган дубасы" (25).[1]

***

## Экинчи: сапардагы тазалык

Сапардагы адам тазалыгына көңүл буруусу ваажыб. Кичине дааратсыздыкка даарат алып, жунуб болсо жуунуп жүрүүсү керек.

Эгер суусу жок болсо, же ичкенине эле жетчүдөй аз суусу болсо, анда таямум кылышы керек.

Таямум: Эки алаканы менен жерди чабат анан аны менен бетин жана колун сүртөт.

[1] Базаар, Муснад, 10068.

Таямумдун тазалыгы убактылуу тазалык. Суу табылганда таямум бузулат, даарат алыш керек болот. Эгер жунуб болгону үчүн таямум кылса, анан суу табылып калса, суу менен жууну керек. Ажатканадан кийин таямум кылган болсо, суу табылгандан кийин даарат алуусу ваажыб болот. Хадисте минтип айтылат:

«الصَّعِيدُ الطَّيِّبُ وَضُوءُ الْمُسْلِمِ وَإِنْ لَمْ يَجِدِ الْمَاءَ عَشْرَ سِنِينَ، فَإِذَا وَجَدَ الْمَاءَ فَلْيَتَّقِ اللَّهَ، وَلْيُمِسَّهُ بَشَرَتَهُ» [26].

"Таза топурак мусулмандын даарат-суусу, эгер он жыл суу таппаса да жарайт. А эгер суу табылса, Аллахтан коркуп денесине суу тийгизсин" (26).[1]

Маасыга масх тартуу Куран, сүннөт жана ахлу суннанын бирдиктүү пикири менен шарият болгон.

Маасы жана ал сыяктуу нерселерге масх тартуу үчүн төмөнкүдөй шарттар табылуусу керек:

---

[1] Имам Бухари, 1804; Имам Муслим, 1927.

1. Маасы же калың байпак кийүүгө (уруксат берилген) мубах жана таза болуусу керек.

2. Аларды даарат алып бутун жуугандан кийин кийиш керек.

3. Жабылуусу парз болгон жерди (кызыл ашыкты) жабуусу керек.

4. Масх кичине даарат бузулганда гана тартылат. Чоң дааратсыздыкка б.а. жунуб болгондон кийин масх тартылбайт.

5. Масх шарият өлчөгөн убакытка гана жарайт б.а. үйдө туруктуу адамга бир күн бир түн, сапардагы адамга үч күн үч түн бою масх тартса болот. Бул мөөнөт маасыны кийип анан ага алгачкы масхты тарткандан башталат. Ошондон баштап үйдөгү адамга жыйырма төрт саат, сапардагы адамга жетимиш эки саат өткөндөн кийин бүтөт.

Төмөнкү үч иш маасыга масх тартууну жараксыз кылат:

1. Эгер жунубдук сыяктуу жуунууну ваажыб кылган иш болсо, масх жараксыз болот. Мындайда жуунуу ваажыб.

2. Масх тарткандан кийин буттан сууруп чечип алса.

3. Шариятта чектелген мөөнөт өтүп кетсе.

***

## Үчүнчү: Сапарда намазды каср кылып (кыскартып) окуу тууралуу:

Сапарда намазды кыскартып окуу толук окугандан абзел. Эгер жолоочу киши төрт рекет намазын каср кылбай окуса, намазы жарактуу болот, анткен менен аны кыскартып окуганы абзел.

Сапарга жөнөгөн адам жашаган айыл же шаарынын бардык үйлөрүн артка калтырып чыккандан баштап каср окуйт. Бул жалпы аалымдардын пикири.

Бир намаздын убактысы киргенден кийин сапарга чыкса, ал намазды каср

окуйт. Анткени, намаздын убактысы чыкканга чейин сапарга жөнөгөн.

Ал эми бешим менен асырды жана шам менен куптанды бир убакта кошуп окуу сүннөт, эгер зарылдык болсо. Эгер сапарын улап кете берүү зарыл болсо, анда ылайыгына карап алдынкы убактысына же кийинки убактысына намаздарды кошуп окуйт.

А эгер жолоочу эки намазды бир убакта окууга муктаждыгы болбосо, анда ар бир намазды өз убагында окуйт. Мисалы, бир жерге токтоп, кийинки намаздын убагы киргенге чейин ал жерден кетпесе, анда эки намазды бир убакка бириктирбей, өз-өз убагында окуганы жакшы. Анткени ал мындай кылууга муктаж эмес. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) коштошуу ажылыгында "Минага" токтогондо эки намазды бириктирген эмес, ага муктаждыгы жок болгону үчүн.

Ал эми напил намаздарды жолоочу адам деле үйдөгү адамдар сыяктуу окуйт. Духа

намазын, тахажуд намазын, витр намазын ж.б. напилдерди окуй берет. Бирок бешимдин, шамдын, куптандын кошумча сүннөт намаздарын окубай калтыруу сүннөт.

Напил намазды улоодо баратып, мейли самолет, мейли машина, мейли кемеде болсун ошол абалда окуй берсе болот. Ал эми парз намазды жерге түшүп окуш керек. Кокус жерге түшүүгө такыр мүмкүнчүлүгү болбосо, улоодо окуса болот.

Туруктуу адамга жолоочу адамдын уюп намаз окуганы жарайт. Мындайда жолоочу тиги жергиликтүү сыяктуу эле намазын толук окуйт. Мейли намазга толук жетишсин, же бир рекетине, же андан да азына жетишсин, айырмасы жок. Ал салам бергенге чейин ташахудга отуруп жетишип калса болду, намазын толук окуйт. Аалымдардын эң туура деп эсептелген пикири ушул.

***

## Төртүнчү: Ажыдан, умрадан же сапардан кайтуунун адептери.

Сапарга барган адам эч себепсиз көпкө жүрө бербей, батыраак кайтууга аракет кылуусу керек. Пайгамбарыбыз (ага Алланын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айткан:

«السَّفَرُ قِطْعَةٌ مِنَ الْعَذَابِ، يَمْنَعُ أَحَدَكُمْ طَعَامَهُ وَشَرَابَهُ وَنَوْمَهُ، فَإِذَا قَضَى نَهْمَتَهُ فَلْيُعَجِّلْ إِلَى أَهْلِهِ» [27].

"Сапар - азаптын бир үзүмү. Тамактан, суусундуктан, уйкудан калтырат. Эгер ишиңер бүтсө, үйүңөргө эртерээк кайткыла" (27).[1]

Кайтканда да жөнөгөндөгү сыяктуу сапар дубасын айтат. Айырмасы акырында "тообо, ибадат кылып, Раббибизге алкыш-мактоо айтуу менен кайттык" деп кошумчалайт.

«آيِبُونَ تَائِبُونَ عَابِدُونَ لِرَبِّنَا حَامِدُونَ» [28].

[1] Имам Бухари, 1779; Имам Муслим, 1342.

"Биз тообо кылып, ибадат кылып жана Раббибизге шүгүр кылып кайтып келе жатабыз" (28).[1]

Сапардан кайтканда пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтылгандай амалдарды аткаруу жакшы. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) казаттан, же ажы, же умрадан кайтканда, өргө чыккан сайын үч жолудан такбир айтып, анан минтип айтчу:

«لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ، وَحْدَهُ لَا شَرِيكَ لَهُ، لَهُ الْمُلْكُ، وَلَهُ الْحَمْدُ، وَهُوَ عَلَى كُلِّ شَيْءٍ قَدِيرٌ، آيِبُونَ، تَائِبُونَ، عَابِدُونَ، سَاجِدُونَ، لِرَبِّنَا حَامِدُونَ، صَدَقَ اللهُ وَعْدَهُ، وَنَصَرَ عَبْدَهُ، وَهَزَمَ الْأَحْزَابَ وَحْدَهُ» [29].

"Аллахтан башка ибадатка татыктуу кудай жок. Ал Жалгыз, теңдеши да жок. Мүлк, мактоо ага таандык. Ал бардык нерсеге кудуреттүү. Биз тообо кылуучу, сажда кылуучу, ибадат кылуучу, Раббибизге мактоо айтуучу абалда кайттык. Аллах убадасын аткарат, пендесине жардам берет, өзү жалгыз душмандарды талкалайт".[2]

---

[1] Имам Бухари, 4116.
[2] Имам Бухари, 1779; Имам Муслим, 1342.

Өзү жашаган калаасын көргөндө минтип айтуу мустахаб:

«آيِبُونَ تَائِبُونَ عَابِدُونَ لِرَبِّنَا حَامِدُونَ» [30]،

"Биз тообо кылуучу, сажда кылуучу, ибадат кылуучу, Раббибизге мактоо айтуучу абалда кайттык" (30).[1] Ушинтип калаага киргенче кайталап айтат, анткени пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ушинткен.

Эгер сапарда көпкө жүргөн болсо жана өтө зарылдык болбосо, үй-бүлөсүнө түн ичинде эшикти кагып келбеген жакшы. А эгер келе жатканы тууралуу билдирип койгон болсо, анда түн ичинде келе берсе болот. Анткени, пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ушундай кылуудан тыйган. Жаабир (ага Алла ыраазы болсун) айтат:

«نَهَى رَسُولُ اللهِ صلى الله عليه وسلم أَنْ يَطْرُقَ الرَّجُلُ أَهْلَهُ لَيْلًا» [31]،

[1] Имам Муслим, 715.

"Аллахтын элчиси түн ичинде үй-булөсүнө эшик кагып кирип келүүдөн тыйган" (31).[1] Муну себебин башка хадисте айткан:

«حَتَّى تَمْتَشِطَ الشَّعِثَةُ [32]، وَتَسْتَحِدَّ الْمَغِيبَةُ» [33]،

"Чачтарын тарап(32), түктөрүн кырып тазаланып алсын"(33).[2][3] Башка айтымда:

«نَهَى رَسُولُ اللهِ صلى الله عليه وسلم أَنْ يَطْرُقَ الرَّجُلُ أَهْلَهُ لَيْلًا، يَتَخَوَّنُهُمْ أَوْ يَلْتَمِسُ عَثَرَاتِهِمْ» [34].

"Аллахтын элчиси аңдыган сыяктуу болуп, түн ичинде үй-бүлөсүнө кирип баруудан тыйган" (34).[4]

Сапардан келген адам алгач жакынкы мечитке кирип, эки рекет намаз окуп алганы жакшы. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ушундай кылчу.

---

1 Аш-аса: көптөн бери майланбаган, таралбаган чач. Ал-истихдад: устара колдонуу. Ал-магийба: күйөөсу үйүндө жок аял. Тахрир шарх Муслим, ал-Асбахани, 292-бет.

2 Имам Муслим, 715.

3 Имам Муслим, 9099.

4 Имам Муслим, 2428.

Сапардан келген адам аны тосуп алган ата-энесине, кошуналарына мээримин төгүп, жакшы мамиле жасаганы мустахаб. Ибн Аббас (аларга Аллах ыраазы болсун) айтат: "Пайгамбарыбыз Меккеге келгенде Абдулмуталибден тараган жаш балдар аны тосуп чыгышты, алардын бирин алдына мингизип, экинчисин артына учкаштырып алды". Абдуллах бин Жафар айтат:

"كَانَ النَّبِيُّ صَلَّى الله عليه وَسَلَّمَ إِذَا قَدِمَ مِنْ سَفَرٍ تُلُقِّيَ بِنَا، قَالَ: فَتُلُقِّيَ بِي وَبِالْحَسَنِ أَوْ بِالْحُسَيْنِ، قَالَ: فَحَمَلَ أَحَدَنَا بَيْنَ يَدَيْهِ وَالْآخَرَ خَلْفَهُ حَتَّى دَخَلْنَا الْمَدِينَةَ" [35].

"Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сапардан келгенде Биз аны тосуп чыгат элек. Бирде мен Хасан жана Хусайн аны тосуп чыктык". Айтты: "Анан бирибизди алдына мингизип, бирибизди артына учкаштырып Мадинага кирди"[1]

Белек ала келүү да мустахаб. Анткени, белек аркылуу жүрөктөр тынчтанып, чарчоо тарайт. Белекти кабыл алуу да мустахаб. Шарияттын кандайдыр бир

---

[1] Байхаки, Сунан Кубра, 11946.

тыюусу болбосо, белектен баш тартуу жакшы эмес. Ошон үчүн пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«تَهَادُوا تَحَابُّوا» [36].

"Белек бергиле, сүйүүңөр артат" (36).[1] Белек берүү мусулмандардын ортосундагы сүйүүгө себеп болот.

Сапардан келген адам башкалар менен кучакташып көрүшүүсү жакшы. Сахабалар ушинтишчү. Анас (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: " Алар жолукканда кол алышып учурашчу, сапардан келгенде кучакташып көрүшүшчү" (37).[2]

Пайгамбарыбыз Мухаммадга Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун.

---

[1] Табарани, авсат, 97.

[2] Имам Бухари, 3116; Имам Муслим, 100.

# Мазмуну

Сапардын адеби жана өкүмдөрү........................................ 2

Биринчи: Сапардын дептери ............................................... 2

Экинчи: сапардагы тазалык ................................................17

Үчүнчү: Сапарда намазды каср кылып (кыскартып) окуу тууралуу:...................................................................... 20

Төртүнчү: Ажыдан, умрадан же сапардан кайтуунун адептери......................................................................... 23

ky401v3.0 - 06/09/2026